**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXIII–СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын 19 -май айы №113**

**Мамлекеттик менчик объекттерин муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 28-апрелиндеги №01-13/1684 кайрылуусунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын Ак-Өлөң калктуу конушунун түштүк тарабында жайгашкан, "Ак-Жал" участогундагы, жалпы аянты 6,4 га жер тилкесин, заманбап канаттуулар фабрикасын куруу максатында, мамлекеттик менчик объекттерин Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин.
2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
   -аталган обьектини муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.
3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.
4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1